# Башкача бол

Күнүм болуп дүнүйөмө аттыңбы,

Жүрөгүмө баттыңбы?

Сүйүүбүздүн бал-ширесин таттыңбы,

Көңүлүңө каттыңбы?

Мен тарапка дайра болуп агылып,

Дайра болуп актыңбы?

Сезимдерге жазып койдум саймалап,

Жаздым сенин атыңды.

Кайырма:

Бүгүн, жаным, башкача бол, башкача,

Ташкындачы өз нугуңан ашканча.

Жоголушсун, үзүлүшүп топчулар,

Жомок бүтүп, сүйүү таңын ашканча,

Сүйүү таңын ашканча.

Түн жамынып, жаным, келе жатканың,

Мага неге айтпадың?

Эшик илип, бал уйкуда жаткамын,

Кайра неге кайтпадың?

Сезимдердин терезесин черткилеп,

Терезесин аттадың.

Сагындым деп, моюнума оролдуң да,

Ошол болду айтканың.

Кайырма: